Борбордук Азия Университети Бүтүрүүчүлөрдүн аземи 2025

Профессор Кристофер Герринин куттуктоо үчүн кайрылуусу

Ректор жана Өнүктүрүүнүн Жогорку Мектебинин деканы

Ардактуу Канцлер, Улуу даражалуу Ага Хан!
Ардактуу Министрлер!
Ардактуу Губернаторлор!
Камкорчулар Кеңешинин төрагасы жана мүчөлөрү!
Гуманитардык жана так илимдер Мектебинин деканы!
Университеттин профессордук-окутуучулар курамы жана кызматкерлери!
Ата-энелер, өнөктөштөр, достор жана үй-бүлө мүчөлөрү!
Кадырлуу меймандар!
Ошондой эле албетте өзгөчө биздин 2025-жылкы бүтүрүүчүлөрүбүз!

Ассалому алейкум жана кутмандуу таңыңыздар менен!

Адегенде баарыңарды куттуктоого уруксат этиңиздер! Окууну аяктоо жана эми сыймыктуу түрдө Борбордук Азия Университетинин бүтүрүүчүсү деп аталуу – бул чындыгында эле эң жогорку жетишкендик. Силер кандай гана жолду басып өттүңөр!

Бүгүнкү күн – албетте жетишкендиктин майрамы. Бул гана эмес. Ошондой эле мүмкүнчүлүктөрдүн майрамы. Ал эми мен үчүн – бул байланыштардын да майрамы: атап айтканда кайталангыс, терең, жекече жана бекем байланыштардын майрамы, анткени бул байланыштарды университет өзүнүн студенттери менен жана силер бири-бириңер менен түзгөнсүңөр.

Ректор катары бир чети сыймыктанам жана бир чети эмоционалдык татаал милдетти туюп турам – силердин ар бириңердин келип өсүп, мезгил-мезгили менен кыйынчылыктарга дуушар болуп, көбүнчө өзүн-өзү таңдандырып, акырында ачык-айкын, ишенимдүүлүк жана максатка багыт алган сезимдер менен ушул көз ирмемдерди баштан кечире тургандыгыңардын баарысын байкап турам. Бул өзгөрүп жаңылануу – академиялык гана түрдө эмес. Бул терең адамдык өзгөрүп жаңылануу. Дал ушул күн – бул баардык силер жетишкен ийгиликтерге жана силердин ким болгонуңарга себепкер болгондордун баарына алкыш айта турган көз ирмем.

Мындай байланыштын духунда мен силерге академиялык мекеменин жетекчиси катары эмес, силер мүчө бойдон ар дайым кала бере турган коомдун мүчөсү катары кайрылгым келет.

Анда эмесе бир окуя менен баштоого уруксат этиңиздер.

Бир нече жыл мурун Нарын облусунун анча чоң эмес айылынан бир жөнөкөй студент кайраттуу бир кадам жасаган. Анын англис тили бир аз чектелүү болсо да, бирок анын акыл-зээни курч эле, анын климаттын өзгөрүшүнө жана математикага болгон кызыгуусу ойгонго баштаган болчу. Ал Нарындагы БАУнун эки жумалык жайкы мектебине барууга

чечим чыгарып жана ага жазылган, анда интенсивдүү математикага жана англис тилине басым жасалган.

Жайкы программага жазылуу чечими ага эшик ачты. Сынчыл ой жүгүртүүгө киришүү, биздин эң мыкты окутуучулардын шык-дем берген билимдери, ушул жерден сиздердин кол чабууңуздарды суранат элем, ал мугалимдер Роза Казакбаева жана Иан Канлас! Силер анын жашоосун өзгөрттүңөр!

Силердин көбүңөр ал студентти билесиңер деп ойлойм. Анын аты-жөнү Нурлан Ногойбаев. Ал кампуста Музыкалык клубду уюштурган, комузда ойнойт жана БАУну Компьютердик илимдер адистиги боюнча окуп аяктаган. Бүгүн ал Парижде жашайт жана авиаучуулар үчүн бөлүнүп чыккан зыяндуу заттарды жоюу жаатында климат боюнча оптимизацияланган маршруттарды иштеп чыгуу боюнча аэрокосмикалык тармакта илимий кызматкер болуп эмгектенет. Ал эми эмдиги жылы ал Кембридж университетинде технология боюнча магистратурадан билим алууга үмүт кылып жатат.

Мына ушундай таасири күчтүү жетишкендиктерге карабастан, балким эң маанилүүсү десек да болот, Нурлан эмдигиче өзүнүн туулуп өскөн Атбашы айылынын окуучулары үчүн онлайн-лекцияларды өткөрүп жүрөт. Мен үчүн бул жөнөкөй жүрүм-турум БАУну мыкты жагынан көрсөтө алат: сапат, амбиция, тоолорго тамырлап калган жан дүйнөнүн ыкластуулугу жана коомчулук менен терең байланыштардын айкалышы кызмат кылуунун жөнөкөй бир ишинде чагылып турат. Күндөрдүн бир күнүндө ал Кыргызстанга кайрадан кайтып келишине көзүм жетет.

Кандай таасирлүү окуя!

Кымбаттуу бүтүрүүчүлөр! Силердин ар бириңерде бул окуянын өзүңөргө тиешелүү болгон версиясы бар.

Мейли Теңир-Тоодон, мейли  Памирден, мейли Бишкектен, мейли Алмата, мейли Дүйшөмбү шаарынан же чет жактан чек ара аркылуу келсеңер да силер бул жерге үмүт менен келдиңер. Чындыгын айта турган болсок, бир аз тынчсыздануу жана коркуп чоочулоо менен келген чыгарсыңар.

Силер өзүңөр менен кошо ар кыл тил, дин, маданият жана жашоо тажрыйбасын ала келдиңер. Бирок силер бул жерден алып кете турган нерселер татыктуу, жалпы сапаттар: бекемдик, ишенимдүүлүк, достук, келечекке ишеним, маани-маңызды жана өзүнүн башкаларга керегин сезе билүү, ошондой эле өмүр бою кала турган байланыштар.

Силер дипломдук иш жазганды, дифференциалдык теңдемелерди чыгарганды, онлайн, оффлайн жана гибриддик режимдердин ортосунда которула билгенди, идеяларды тартуулоону, жасалма интеллектин мүмкүнчүлүктөрү менен чакырыктарын айырмалоону, сынчыл ой жүгүртө билүүнү үйрөндүңөр. Бирок баарынан мурда — силер бирге жашаганды, бири-бириңерди уга билүүнү, сый-урматтын чегинде талашып-тартыша билүүнү, күлгөндү жана ыйлаганды, ошону менен бирге кыйынчылыкка бетме-бет карап тосуп алууну, көйгөйлөрдөн артка качпоону өздөштүрө алдыңар.

Бул жакында эле биздин бүтүрүүчүлөр менен эки кампуста жана Дүйшөмбү шаарында өткөн маектешүүдөн даана билинди. Ректор катары мен баарыдан мурун силердин

академиялык ийгиликтериңер менен эле сыймыктанбайм, албетте алар дагы бөтөнчө мактоого татыйт дегилечи. Ошого карабастан мен көбүнчө силердин мүнөзүңөр менен сыймыктанам, анткени ал мүнөздөр силерге келечекте жөлөк-таяк болуп берет, булар: тамаша жандуулук, жөнөкөйлүк, лидерликке жана кызмат кылууга умтулуу, анан албетте кең пейилдигиңер.

Дагы бир сөздү түз айткым келет: биз билебиз, БАУ идеалдуу эмес, бирок азырынча гана! Биз - жаш университетпиз. Силер сыяктуу эле биз дагы эле билим алып жатабыз, өнүгүп жатабыз, өсүп жатабыз. Бул жолдо жүргөнүбүз үчүн силерге чын дилден ыраазыбыз — айрыкча «ковид мезгилинин мууну» катары — силердин чыдамкайлыкка, идеяларга, кайтарым байланыштарыңарга жана ойго келбеген жана буга чейин болуп көрбөгөн чакырыктардын алдында бекем туруп туруштук бере алган туруктуулугуңар үчүн.

Силер чындап эле бизге кайсы жерден кантип мыкты болушубуз керек экендигин түшүнгөнгө жардам бердиңер. Силер бизге кантип сабак берүүнү, кантип башкача билим алууга боло тургандыгын, кантип кунт коюп угуш керектигин жана студентти кантип окутуу керектиги тууралуу университеттик тажрыйбаны түзүүнү, дүйнөгө ал ким экендигин, ал ким болуш керектигин жана ал кандай болушу мүмкүн экендигин үйрөттүңөр.

Силерди ишендирип кетким келет: БАУ жөн гана процедуралар менен регламенттердин эсебинен эмес, кызматташуулар, байланыштар жана өнөктөштүктөр аркылуу өнүгөт. Биз бул университетти студенттер үчүн гана эмес, дал ошол студенттер менен бирге курабыз. Бөлүнүүлөр аркылуу эмес, байланыштар аркылуу. Силердин добушуңар, силердин жашоо тажрыйбаңар жана силердин дүйнөтаанымыңар бизди калыптандырат, ошондой эле биздин кимдигибиздин жана ким боло турганыбыздын борборунда калат. Бул бүгүнкү салтанаттуу аземде айтылган курулай убада же жөн салды эле ооздон чыккан сөз эмес - бул менин алдыдагы жылдарга карата башкы принцибим.

БАУдагы биздин миссия — тек гана дипломдорду ыйгарып коюу гана эмес. Биз бул жерде келечекти куруу үчүн иштеп жатабыз: силер үчүн, силердин үй-бүлөңөр үчүн, силердин коомчулуктар үчүн жана дал ушул ажайып аймактардын жыргалчылыгы үчүн. Бул дегендик силерди эртеңки күндүн экономикасы үчүн куралдандырып жатабыз дегенди түшүндүрөт. Ошону менен бирге силерди назик экосистемалуу тоолордун сактоочулары, жергиликтүү коомдун гүлдөп-өнүгүүсүнүн тарапкерлери, климаттык өзгөрүүлөргө карата туруктуулук менен адаптациянын лидерлери катары калыптандырып жатабыз.

Эч кандай шек-күмөн болбосун – силер чакырыктарга толгон дүйнөнүн чоң адамдарынын турмушуна карай кадам шилтеп баратасыңар. Ооба, бүтүрүүчүлөр — климаттык каатчылык, экономикалык өзгөрүүлөр, санариптик трансформация, саясий туруксуздук жана социалдык пикир келишпестиктер күтүп жатат алдыда. Бирок мен бекем ишенем, чындап ынанып турам: силер ошол көйгөйлөргө татыктуу жооп бере ала турган - билимдүү жана боорукер муун боло аласыңар!

Силер Борбор Азияда каласыңарбы, же чет өлкөгө кетесиңерби же Нурлан сыяктуу тигинисин да, мунусун да бирге алып кетесиңерби – кандай болгон күндө да силер жоопкерчиликти жана байланыштарды алып жүрөсүңөр. Бул университет ар дайым силердики бойдон калат. Силер жөн гана бүтүрүүчүлөр эмессиңер. БАУ үчүн силер өмүр бою өнөктөшсүңөр — биз менен жалпы милдеттер жаатында байланыштасыңар: бул аймактарды БАУ менен бирге байыраак, күчтүүрөөк, акылдуураак, адилеттүүрөөк жана экологиялуураак  кылуу — бул сапардын жүрөгү болуп эсептелет.

Сөзүмдү төмөндөгүдөй жыйынтыктаганга мүмкүндүк берсеңер. Биз БАУнун 25 жылдыгын белгилеп жаткан жыл бизге өзүбүздүн миссияны эске салат, биздин миссия – имараттарды куруу жөнүндө эмес.  Биздин миссия — тиешүүлүүлүк тууралуу. Силер ушул жайга таандыксыңар, тиешелүүсүңөр. Физикалык жактан эле эмес, ошондой эле тарыхтын бир бөлүгү катары, ал Памирдин мөңгүлөрүнөн тартып Теңир-Тоонун тоолорундагы чыйырларга чейин, Париждин көчөлөрүнө чейин, андан кайра бизге карай учу кыйырсыз созулуп жатат жана бизди бириктирип турат.

2025-жылдын бүтүрүүчүлөрү, менин силерге кайрыла турган сөздөрүм ушул:

- Силердин амбицияңар зор бойдон калсын!
- Силердин баалуулуктар бекем болсун!
- Силердин бири-бириңер менен, БАУ менен жана Борбор Азия менен болгон байланышыңар – өмүр бою калсын!
- Биз силердин жетишкендиктер үчүн сыймыктанабыз!
- Силер бизге үйрөткөн нерселерге ыраазыбыз!
- Эми силер менен бирге кура турган келечекти чыдамсыздык менен күтөбүз!

Баарыңарды куттуктайм жана рахмат!